КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛАСТЫ
КАДАМЖАЙ РАЙОНУ
ОРОЗБЕКОВ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ОРОЗБЕКОВСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Орозбеков айылдык кенешинин VII чакырылышынын кезектеги он бешинчи сессиясы**

**ТОКТОМ № 94**

Орозбеков айылы 2023-жылдын 01-февралы

**Учкун айылынын тургундарынын кайрылуусу жөнүндө**

Орозбеков айылдык кенешинин бюджет жана экономика маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы К.Каримовдун "Учкун айылынын тургундарынын KOICA уюму тарабынан курула турган кичи футбол аянтчасына бюджеттен өкмөттүн салымы катары жана башка социалдык маселелерди ишке ашыруу учун акча каражатын бөлүп берүү жөнүндө" билдирүүсүн угуп жана талкуулап, Орозбеков айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Орозбеков айыл өкмөтүнүн 2023-жыл башына калган бюджеттин калдыгынан Учкун айылына курула турган кичи футбол аянтчасына өкмөттүн салымы катары 1 500 000 ( бир миллион беш жүз миң) сом акча каражатын ажыратып берүү жагы финансы- экономикалык бөлүмүнүн башчысынын милдетин аткаруучу З.Максутовго милдеттендирилсин.

2. Учкун айылындагы Ак-Суу дарыясынын жээгин бекемдөө боюнча жумуштарды райондук ӨКМ ишканасы менен биргеликте жандандыруу жагы айыл өкмөтүнө жүктөлсүн.

3. Бөлүнгөн акча каражаттарын өз багытында максаттуу пайдалануу Орозбеков айыл өкмөтүнө жүктөлүп, көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин бюджет жана экономика маселелери боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Орозбеков айылдык**
**кеңешинин төрагасы:** **О.Ибрагимов**